**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

"Макулдашылды"
Ош МУнун профсоюз
комитетинин төрагасы
__________ А. Саттаров

"Бекитемин"
Ош МУнун ректору,
ф.-м.и.д., профессор
__________ К. Кожобеков

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН, КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ

2023-жыл

Сканировано с CamScanner

**Түзүүчүлөр:** п.и.к, доцент А.Батыралиев
п.и.к., доцент Н.Шадиев

Кыргыз Республикасында 2017-жыл **Ыйман, адеп жана маданият жылы** деп жарыяланып, билим берүү мекемелеринин алдына коом үчүн адептүү, ыймандуу, терең билимдүү, башка ой-пикирлер менен көз караштарга сабырдуу мамиле кылган жаштарды тарбиялоо жана кыргыз элинин мезгил сыноосунан өткөн руханий жана адеп-ыймандык асыл нарктары менен алдыңкы дүйнө таанымын айкалыштырган, ар тараптан жетик инсанды калыптандыруу маселелери коюлду.

Бул милдеттерди ишке ашыруу максатында Ош мамлекеттик университетинде окутуучулардын, кызматкерлердин жана студенттердин этикалык кодекси иштелип чыгып, Окумуштуулар Кеңешинде бекитилди (№7, 22.05.2017.).

Сканировано с CamScanner

## I Жалпы жоболор

1.1. Кодекс КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” жана “ Мугалимдин статусу жөнүндөгү” Мыйзамдарынын, КРнын Эмгек Кодексинин, ОшМУнун уставынын ж.б. нормативдик документтеринин негизинде түзүлдү.

1.2. Кодекс окутуучулардын, студенттердин, кызматкерлердин жүрүм-турум маданиятын, эстетикалык табитин өнүктүрүү, калыптандыруу жана окуу жайдагы санитардык-гигиеналык ченемдерди сактоо максатында киргизилет.

1.3. Кодекс ОшМУнун окутуучуларынын жана студенттеринин жүрүм-турум мамилелеринин моралдык-этикалык ченемдерин, эрежелерин камтыйт жана билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелериндеги, конфликттик кырдаалдарды чечүүдөгү иш-аракеттердин негизи боло алат.

1.4. Кодекс ОшМУнун бардык структуралык бөлүктөрүндө бирдей күчкө ээ. Окутуучулар, студенттер, кызматкерлер кодекстеги көрсөтүлгөн жоболорду, эрежелерди, принциптерди сактоону эркин, ыктыярдуу кабыл алышат жана ишке ашырышат.

1.5. Кодекстеги жоболорду, эрежелерди билүү жана сактоо алардын кесиптик ишмердигинин жана эмгек тартибинин негизги сапаттык көрсөткүчтөрүнүн бири катары бааланып аттестация, сыйлоо, карьералык тепкичтерде ж.б. иш-чараларда баа берүүнүн критерийлеринин бири болуп эсептелинет.

1.6. Кодекс профсоюздук уюмдун, жаштар комитетинин, омбудсмендин сын-пикирлерин эске алуу менен университеттин Окумуштуулар кеңешинде бекитилет. Кодекске өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү Окумуштуулар кеңешинин чечими менен тарбия жана социалдык иштер боюнча проректору тарабынан жүргүзүлөт.

Сканировано с CamScanner

## II. Ош МУнун миссиясы жана милдеттери

2.1. Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо; билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграцияланууу; жаштарды адептик, маданий жана илимий баалулуктарды калыптандыруу.

2.2. Мамлекеттин экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын илимде, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

2.3. Борбордук Азиядагы эң мыкты 5 университеттин катарына кирүү.

2.4. Окутуучулар менен студенттердин ортосундагы демократиялык мамилелерди калыптандыруу аркылуу окуу жайдагы моралдык-психологиялык абалды чыңдоо.

2.5. Окуу жайга болгон патриоттук сезимди жана аң-сезимди өнүктүрүү.

2.6. Университетте көп жылдардан бери калыптанган прогрессивдүү салт-санааларды, жогорку моралдык-этикалык принциптерди, тарыхты, символикаларды сактоо жана өркүндөтүү.

## III. Администрациянын жана кызматкерлердин өз ара байланыштары

3.1. Университеттин жетекчилиги өзүнүн кызматкерлери менен кызматташтыкта, өз ара сыйлоо жана милдеттерди так аткаруу принциптери аркылуу иш жүргүзөт.

3.2. Университеттин жетекчилиги кесипкөйлүктүн, адилеттүүлүктүн, адамгерчиликтин, түшүнүүчүлүктүн, инсандык сапаттарды сыйлоонун, жөнөкөйлүктүн, таза репутациянын негизинде иш алып барат.

Сканировано с CamScanner

3.3. Администрация тарабынан окутуучулардын, кызматкерлердин жана студенттердин окуу-тарбия жана илимий процесстерди өркүндөтүү боюнча алгылыктуу сунуштары, активдүү иш-аракеттери дайыма колдоо табат.

3.4. КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын (30-берене) негизинде администрация окуу процессине байланышпаган, окуудан алагды кылган иш-чараларга студенттерди, окутуучуларды тартууга жол бербейт.

3.5. Администрация окутуучулардын, кызматкерлердин, студенттердин кесиптик, интеллектуалдык, чыгармачылык, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө тийиштүү шарттарды түзүп берет.

3.6. Администрация, окутуучулар, кызматкерлер эмгек келишиминде, студенттер келишимде көрсөтүлгөн милдеттенмелерди так аткарышат. Эгерде эмгек келишиминде көрсөтүлгөн милдеттер окутуучулар, кызматкерлер, студенттер тарабынан аткарылбаса, жетекчилик эмгек келишимин бир жактуу токтото алат.

3.7. Администрация менен кызматкерлердин, окутуучулардын, студенттердин ортосунда конфликттик кырдаалдар пайда болгон учурда, алар профсоюз комитетинин катышуусу аркылуу укуктук ченемде чечилет.

3.8. Окуу жайында диний, атеисттик пропаганданы жүргүзүүгө, саясий топторду, партияларды түзүүгө, шовинисттик, улутчулдук идеологияны жүргүзүүгө, кызматкерлерди, студенттерди саясий акцияларга тартууга администрация тарабынан жол берилбейт.

Сканировано с CamScanner

## IV.Окутуучулардын, кызматкерлердин өз ара мамилелери

4.1. Университеттин кызматкерлери бири-бири менен мамиле кылууда төмөндөгү принциптерди сакташат: бири-бирине болгон сый-урмат, адилеттүүлүк, адамгерчилик, максатка умтулуучулук, бири-бирине болгон жардам, иштеги жана дем алуудагы жагымдуу моралдык-психологиялык климатты колдоо.

4.2. Башка адамдардын аброюна, инсандык намысына шек келтирүүгө, орой мамиле кылууга, ага моралдык жана материалдык зыян келтирүүгө, мыйзамсыз иш-аракеттерди жасоого жол берилбейт.

4.3. Университетте кызматкерлер бири-бири менен сылык мамиледе кайрылышат жана жолугушканда адамдардын жашына, статусуна карабай саламдашышат.

4.4. Бардык кызматкерлерге окуу жайдын репутациясына шек келтирген жүрүм-турумдардан алыс болуу милдеттендирилет. Кызматкерлердин жүрүм-туруму кайсыл жерде, кандай кырдаалдарда болбосун кесипкөйлүктүн жана жогорку адеп-ахлактын принциптерине шайкеш келүүсү зарыл.

4.5. Кызматкер өзүнүн кесиптик иш-аракеттери үчүн жетекчиликтен тийиштүү шарттарды түзүп берүүнү талап кыла алат.

4.6. Кызматкерлер окуу-тарбия процессине, башкарууга, чарба иштерине байланышкан өзүнүн көз-караштарын, сын-пикирлерин, оюн эркин айта алат жана ал үчүн куугунтукка кабылышпайт.

4.7. Педагогдор окуу процессинде окутуунун формаларын, усулдарын, каражаттарын эркин тандап алышат.

4.8. Сабак башталгандан кийин окутуучунун уруксатысыз сабакка кирүүгө, жолтоо болууга эч кимге уруксат берилбейт.

Сканировано с CamScanner

4.9. Эгерде администрация окутуучулардын сабагына катыша турган болсо окутуучуну алдын-ала эскертет. Сабакка катышуу окутуучунун макулдугу менен жүргүзүлөт.

4.10. Педагог өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого укуктуу.

4.11. Студенттерге карата эмоциялык, психикалык, дене-бой зомбулук колдонууга, коркутууга жол берилбейт.

4.12. Эгерде ата-эне же жат адам сабакка катышкысы келсе окутуучу жетекчиликке өз убагында билдирип андан уруксат алуу менен сабакка катыштыра алат.

4.13. Окутуучу өзүнүн сезимин, эмоциясын, жүрүм-турумун, симпатия жана антипатиясын башка кызматкерлерге, студенттерге көрсөтпөйт. Бардык кырдаалдарда өзүнө өзү көзөмөл кылып, адеп-ахлактык ченемдерди сактайт.

4.14. Иш процессинде чыккан проблемаларды, конфликтерди чечүүдө акыйкаттык жана адамгерчилик принциптерин жетекчиликке алышат. Ушул кодекстин эрежелери жана башка адамдын укугун коргогон жоболор бул процессте сакталат.

4.15. Окуу жайында окутуучулар, кызматкерлер классикалык стилде кийинишет. Кийимге болгон талаптар: тыкандык, тазалык, табияттын мезгилине туура келгендик, сакал-мурутунун тартипке келиши.

4.16. Аялдардын ашыкча жасалгаларды тагынуусу жана тойго, кечелерге кийине турган кийимдерди окуу жайында кийип жүрүүсү педагогикалык этиканын нормаларына туура келбейт.

4.17. Окуу корпусунда ( мас абалында жүрүүсү, спирттик ичимдиктерди ичүү, шарактоо, бакырып сүйлөө, сагыз чайноо, жагымсыз кыймыл аракеттерди (жест, мимика ж.б.) көрсөтүү педагогикалык этиканын нормаларын сактабагандык катары бааланат.

Сканировано с CamScanner

4.18. Окутуучунун кеп маданиятына коюлуучу педагогикалык талаптар:

- кептин тууралыгы ( адабий тилдин нормаларынын сакталышы);

- кептин тазалыгы (ашыкча ой-толгоолорду, жаргондорду, цензурага туура келбеген сөздөрдү колдонбоо, терминдердин туура эмес колдонулушу ж.б.);

- кептин мазмундуулугу ( теманын мазмунуна байланышкан, аудиторияны кызыктырган орчундуу маалыматтардын камтылышы);

4.19. Окутуучу студенттин фамилиясын, атын атайылап өзгөртүп айтуу, мүнөзүндөгү, дене-боюндагы, турмушундагы кемчилдиктерди эл алдында белгилөө, шылдыңдоо, какшыктоо, кемсинтүү педагогикалык этиканын ченемдерине туура келбейт.

4.20. Кызматтык абалын өзүнүн кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга жол берилбейт.

4.21. Коррупциялык кадамдарга баруу, студенттерди коррупциялык иштерге мажбур кылуу, коррупция үчүн атайын кырдаалдарды түзүү Ош МУнун жетекчилиги тарабынан катуу айыпталат жана кызматтык иште калуусу же калбоосу күн тартибине коюлат.

## V.Студенттердин жүрүм-турумуна талаптар

5.1. Студенттер университеттин уставын, ички-тартип эрежелерин ж.б. локалдык актыларын сакташат.

5.2. Окууга өз убагында келүүсү, себепсиз сабактарды калтырбоосу, сабакты калтыргандыгын өз убагында старостага, кураторго же деканатка билдирүүсү анын милдети катары эсептелинет.

5.3. Студент өзүнүн билим берүү процесстери жана коомдук-маданий иш-чаралары боюнча оюн, көз карашын, ишенимин, сын-пикирлерин эркин билдире алат. Ал үчүн эч кимден куугунтукка кабылбайт.

Сканировано с CamScanner

5.4. Студенттин окуу жайдагы негизги документи болуп студенттик билет эсептелинет.

5.5. Окуу жайынын корпустарына кирүү кампус-карт аркылуу жүргүзүлөт.

5.6. Эгерде окуу корпусуна кирүүдө же чыгууда кезек болуп калса студенттер жашы улууларды, агайларды, эжекелерди, ал эми эркектер аял затын алдыга кое берет.

5.7.Окуу жайында бардык улуттун, диндин жана башка өлкөлөрдүн өкүлдөрү билим алууга жана коомдук-маданий иштерге катышууда бирдей укукта. Динине, улутуна, жашаган жерине карата бөлүүгө жана кемсинтүүгө жол берилбейт.

5.8.Сабак убагында бири-бири менен сүйлөшүп, башкаларга жолтоо болуу, чөнтөк телефону менен сүйлөшүү, уруксатсыз эшикке чыгып кетүү этиканын ченемдерине жатпайт жана мындай көрүнүштөргө жол берилбейт. Чөнтөк телефону өчүрүлөт.

5.9.Окутуучу сабакка киргенде студенттер аны менен ордунан туруп саламдашышат.

5.10.Окутуучулар, кызматкерлер жана студенттер менен сый-урматтагы мамилени сакташат.

5.11.Окутуучунун, кызматкердин же студенттин кийген кийимине, жүрүм-турумуна эл алдында сын-пикирди айтуу этикага туура келбейт (мүмкүн болсо өзүнө айтуусу керек).

5.12.Окуу жайга спорттук кийим менен келүү (спорттук форманы дене тарбия сабагында кийишет) , шорта, сланцы, ачык кийимдерди (сарафан, майка, лосины ж.б.) кийүү, ашыкча гримдер жана чач жасалгалар (прическа), сакал-мурутун ашыкча өстүрүү этиканын нормаларына жатпайт.

Сканировано с CamScanner

5.13.Атайын көрсөтүлгөн жерде гана тамеки тартууга уруксат берилет. Мас абалда сабакка келүүгө, сагыз чайноого, уктаганга, гезит окуганга ж.б. жол берилбейт.

5.14.Коомдук мүлктү жана айлана-чөйрөнүн, аудиториянын тазалыгын сактоо кызматкерлердин жана студенттердин милдети катары эсептелинет. Какырынып-түкүрүүгө, таштандыларды көрсөтүлбөгөн жерлерде таштоого ж.б. жагымсыз көрүнүштөргө жол берилбейт.

5.15.Кодекстеги этикалык ченемдерди бузгандарга административдик чара колдонулат же болбосо коомдук пикир аркылуу баа берилет. Жаштар комитети же деканат аркылуу анын адепсиз кылык-жоруктары ата-энелерине билдирилип турат.

Адабияттар:


1. Кыргыз Республикасынын " Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамы – Б.,2003.
2. Кыргыз Республикасынын "Мугалимдин статусу жөнүндөгү" Мыйзамы – Б.,2001.
3. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси – Б., 2013.
4. "Педагогикалык билим берүү" багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарты (Бакалавр) – Б., 2014.
5. Ош мамлекеттик университетинин Уставы – Ош, 2016.
6. Высшая школа // Под.ред. Е.И.Войленко. В 2-х.ч. –М., 1978.


Сканировано с CamScanner